# Алгачкы учуу



Автор: Назгүл Кулматова

Сүрөтчү: Айсулуу Алиева

Которгон жана адаптациялаган: Талгат Деркембаев

# Алгачкы учуу

Автор: Назгүл Кулматова
Сүрөтчү: Айсулуу Алиева
Которгон жана адаптациялаган: Талгат Деркембаев

Кыргыз тилинде
Бишкек-2021

Copyright © 2021, Бул чыгарма Creative Commons Attribution 4.0 Эл аралык лицензиясы (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/) боюнча лицензияланган.

http://creativecommons.org/licenses/by/4.0/
Бул ишти коммерциялык максаттарда колдоно аласыз. Бул чыгарманы адаптациялап, толуктай аласыз. Авторлордун, иллюстраторлордун ж.б. автордук укугун жана өздүк маалыматтарын сакташыңыз керек.

*Первый полёт*, Copyright © 2021, Эта работа лицензирована по международной лицензии Creative Commons Attribution 4.0. (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/). түп нускасынан ылайыкташтырылган. CC BY 4.0 лицензиясы негизинде лицензияланган.
"Алгачкы учуу" (кыргыз тилинде), автор Назгүл Кулматова, сүрөтчү Айсулуу Алиева, Талгат Деркенбаев тарабынан которулуп адаптацияланган.

Бул басылма АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосу менен түзүлдү. Басылманын мазмуну USAIDдин же АКШ Өкмөтүнүн пикирин милдеттүү түрдө чагылдырбайт.

Created with Bloom



Мен бул түштү кайра-кайра көрө берем.

Кырда турган болом. Көзүмө аппак кардан башка эч нерсе көрүнбөйт. Эч нерсени да укпайм. Бир маалда эле тик ылдый учуп бараткан болом.

Көбүнчө ушул жерине келгенде ойгонуп кетем.


Силерде да ушундай болду беле?

Бул ушундай башкача түш: коркосуң, ошол эле учурда көңүлүң да шат.

Андан ары эмне болгонун билгиң келет. Кулап кетпеш үчүн ойгонуп алгың келет.

Эмне үчүн бул түшүмдү эстедим? Себеби мен азыр кырда турам. Көзүмө аппак кардан башка эч нерсе көрүнгөн да жок, угулган да жок. Бир маалда эле ылдый жакты карап:

– ЖОК! ЖОК! БУЛ МЕНИН КОЛУМДАН КЕЛБЕЙТ! ТЕБЕ АЛБАЙМ! МЕН КОРКУП ЖАТАМ! – деп кыйкырам.



Бир маалда кимдир бирөө менин колумдан тартып:

– Назгүл, сен биз менен барасыңбы? – деди.

– Силер бара бергиле, мен артыңардан барам!


– Биз сени ылдый жакта күтүп турабыз! Асма көпүрөгө кезекке туруп коёбуз.

– Болуптур!

Булар менин досторум – Алтынай жана Улан. Алтынай экөөбүз бир класста окуйбуз. Улан болсо анын иниси.

Бүгүн дем алыш күнү болгондуктан, бизди ата-энелерибиз "ЗИЛ" тоо-лыжа базасына жылгаяк тебүүгө алып келишти.

Мен жолдун чекесинде турам. Менден башка баары зуулдап ылдый түшүп кетишти. Мен эле токтоп калдым.



Мен дароо эле баарына лыжа тебе албайм деп айтсам болмок экен. Себеби мен бийиктиктен да, ылдамдыктан да корком.

Бирок мен ушунун баарын айткан жокмун. Мен коркок эмесмин! Уландан эмнем кем? Ал менден эки жаш кичүү го.

Кой, тээп жөнөш керек... Бирок мен ордумдан жыла албай жатпаймынбы!

Чачтарыма чейин сууланып, тердеп кеттим.

Артымдан шамал согуп, тоодон ылдый түш дегенсип түрткүлөйт.

Мен эмнеге Алтынай менен Уландай болуп, лыжаны эле тандабадым экен?

Мен тиги кинодогудай болуп, жалгыз тактай менен учкум келген!

Лыжанын төрт бөлүгү бар. Экөөнү колго аласың, экөөнү бутка илесиң. Ал эми сноуборд - жалгыз тактай! Эми ушул тактайдын айласын табуу керек.



Сноуборд көтөргөн кыз-жигиттер асма жол менен чыгып келишти. Алар тамашалашып, каткырып күлүп жатышты.

О-о, кокуй! Алтынай менен Улан да булардын артынан жетип келишкен турбайбы. Мен бир бутумду сноуборддун боосунан бошотуп, элдин артына жашына калдым.

Алтынай ылдый жактан мени издеп жаткансыйт. Мен жашынып жатып, байкоостон бирөөнү түртүп алдым. Ой, бул жанагы жаштардын арасындагы кыз турбайбы.

– Кечирип коюңузчу, – дедим.

– Эч нерсе эмес!

– Биринчи жолу түшүп жатасыңбы? – деди кыз мага жылмайып.

– Ким? Менби? Жок, биринчи жолу эмес... Негизи, биринчи жолу, – деп чындыкты айттым.



– Эч нерсе эмес. Биринчи жолу ар дайым коркунучтуу болот. Бирок бир ирет тээп көргөндөн кийин кайра-кайра тепкиң келе берет. Адегенде машыктыруучу үйрөтүшү керек, – деди тиги кыз.

– Машыктыруучу үйрөткүдөй, бул ушунчалык кыйынбы? – дедим мен.

– А сен кандай деп ойлойсуң? Бул жерде турганыңа канча убакыт болду?

– Көптөн бери турам, – дедим.

– Көрдүңбү, – деп ал кайра жылмайды.

– Кааласаң, мен сага сноуборд тебүүнүн эң негизги ыкмаларын үйрөтүп коёюн. Менин атым Настя, – деди кыз.

Настя мага "алдыңкы кант" менен "арткы кант" эмне экенин, ылдый бараткanda бутту кантип жылдыруу керектигин көрсөтүп берди.

Ха! Мен мунун анча кыйын эмес экенин мурда эле билгем!



Бирок экөөбүс катарлаша тээп жөнөгөндө, мен карга жыгылып калдым. Настя күлүп жиберди. Мен да каткырдым.

Жанында бирөө болсо, жыгылсаң да көңүлүң көтөрүңкү болот турбайбы.

Мен чоң жол менен ылдый түшүп бараткада, он беш эле мүнөт убакыт өткөндөй болгон. Көрсө, бир саат өтүп кетиптир.

Настя кээде колумдан кармап, мага кантип туура кыймылдоо керек экенин көрсөтүп жатты.

Настя экөөбүз дагы бир жолу асма жол менен өйдө жакка чыктык. Алтынай менен Улан бизди ушул жерден кууп жетишти.

– Тепкенди үйрөндүңбү?! – деп Улан алыстан кыйкырды.



Адегенде мен баарын өзүм эле билчүмүн деп кыйкыргым келди. Бирок ушул жерден досторумду алдап жүргөнүм үчүн уятыман бетим кызарып, алардын жанынан качып кетким келди.

Алтынай менен Улан жаныбызга келип калышты.

– Мен дагы сноуборд тээп түшкүм келип жатат! – деп кыйкырды Улан. – Бул абдан сонун да! Кийинки жолу мен да сноуборд менен түшөм!

Анын жүзүнөн ушунчалык толкунданып турганы көрүнүп турду. Мындай абалды сөз менен айтуунун да кереги жок болчу.

Досторум мени жакшы түшүнүшөт!

Биз ылдый карай зуулдап жөнөдүк.

Настя эң алдыда, андан кийин Алтынай менен Улан, алардын артынан мен бараттым.



Ошентип, мен артта жалгыз калдым. Тегерегим аппак болуп, эч нерсе көрүнбөйт. Мен эңкейген бойдон ылдый учуп бараттым. Бул кандай гана укмуш сезим! Шамал бетимен согуп, кар күнгө чагылышат. Жол кенен жана ээн. Мен ылдый карай учуп эле баратам!

Мен ал күнү кантип кеч киргенин байкабай калдым. Бул менин жашоомдогу эң жакшы күндөрүмдүн бири эле.

Албетте, мен бир канча ирет жүзтөмөндөн да, чалкамдан да куладым. Кээде аябай эле катуу жанчылдым. Бирок мен учуу ыракатын сездим да! Катуу ылдамдыкта эч ким баса элек кардын үстүндө ойкуштаган из салууга эмне жетсин!

Сен өзүңдү эркин сезип, канаттуудай учуп баратасың!

Түшүмдө ар дайым учуп жүргөндөй болом!

USAID АМЕРИКАНЫН ЭЛИНЕН

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ

Автор: Назгүл Кулматова
Сүрөтчү: Айсулуу Алиева
Которгон жана адаптациялаган: Талгат Деркембаев

USAID "Окуу керемет!" долбоору
Кыргыз Республикасы

1-класс
- 1.1 деңгээли
- 1.2 деңгээли
- 1.3 деңгээли

2-класс
- 2.1 деңгээли
- 2.2 деңгээли

3-класс
- 3.1 деңгээли
- 3.2 деңгээли

4-класс
- **4.1 деңгээли**
- 4.2 деңгээли